КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

ЫСЫК-АТИНСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28-чакырылган кезектеги XXVIII (жыйырма сегизинчи) сессиясы

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жылдын 11-апрели №184/XXVIII-28** **Алмалуу айылы**

Жазгы талаа иштерине даярдыктар, фермер жана дыйкан чарбаларга колдоо көрсөтүү үчүн корук маселесин кароо жөнүндө

Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары күн тартибиндеги маселени карап, талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын жана Ысык-Ата айыл аймагынын жергиликтүү Уставынын негизинде Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:

1. Ысык-Ата айыл аймагында жазгы талаа иштери боюнча аткарылган иштер көңүлгө алынсын, сессияда айтылган кемчиликтер толукталсын.
2. Ысык-Ата айыл аймагы боюнча корук **2024-жылдын 20-апрелинен башталып, 2024-жылдын 20-сентябрында аяктасын**, коруктун тартибин, мөөнөтүн сактабаган мал ээлерине айып малдын ар бир башына төмөндөгүдөй бекитилсин:
   **-Жылкыга -2000 (эки миң) сом, бодо малга -1000 (бир миң) сом, кой, эчкиге-200(эки жүз) сом.**
   **-Бадага чыгуучу уйларга корук 2024-жылдын 1-майынан башталып, 2024-жылдын 20-сентябрында аяктасын.**
3. Коруктун тартибин бузган мал ээсине толук кандуу далилдер сөзсүз көрсөтүлсүн (видео, фото, акты, ж.б. мүмкүн болгон далилдер).
4. Корукту бузган мал жайыт комитети тарабынан мурда салынган айылдын атайын мал кармоочу жайына камалсын.
5. Корук маселесинин аткарылышын айыл башчылар, айыл өкмөтүнүн башчысы, муниципалдык ишкананын башчысы көзөмөлгө алсын
6. Бул токтомдун аткарылышын жер жана агрардык иштер боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

**Төрага** **Ж.Бейшекеев**